**КЫРГЫЗ ДЕСЕ**

**Сөзү**: Тынчтыкбек Нурманбетов

**Обону:** Ажыбеков Шаршенбай Үсөнбекович

Аткаруучу: Ажыбеков Шаршенбай Үсөнбекович

Кыргыз десе: безеленем чырылдап,

Кыргыз десе: каным күйөт шыпылдап.

Кыргыз десе: кыйналганым унутуп,

Кыргыз десе: созолонто ыр ырдап.

Кыргыз десе:жаным жыргайт ыр курап,

Кыргыз десе: көздөн жашым кылгырат.

Кыргыз десе:кылым жашайм карыбай,

Кыргыз десе: эч соолубайт Ыр-булак.

Кыргыз десе:кара жердей төшөлөм,

Кыргыз десе: тоодой жүктү көтөрөм.

Кыргыз десе: тике туруп намыска,

Кыргыз десе: көшөргөндөн көшөрөм.

Кыргыз десе:жаза тийбес октоймун,

Кыргыз десе:Азезилден коркпоймун.

Кыргыз десе:кыянаттык кылганга,

Кыргыз десе:кыяматта оттоймун.

Кыргыз десе:чөмүлөмүн кыялга,

Кыргыз десе:жер таппаймын сыярга.

Кыргыз десе:үмүт үзбөйм жашоодон,

Кыргыз десе:кулдук урам Кудайга!